# СӨЗ АЯГЫ

Китепте айтылгандай, **Зарылкан** биртуугандары менен атасынан жаш калышып, үй оокатына эрте кийлигишип калат, жаштайынан табышкердикти, үнөмдөөнү өтө кылдат өздөштүрүп алган. Экинчиден, азыркы мезгилдегидей жеке менчик ишкердикти, ошол убакта эле түшүнүп, колунда болгон менчик мал-жандыктарын туура нукка коюп, каралбай ээн калган колхоздун бир сарайын ижарага алып, үйгө, жумушка муктаж болгон бир үй-бүлө менен келишип, ошол сарайда жашатып мал-жандыктарын бактырган. Ал жерде майда жаныбардан баштап, уй, жылкылары арбын болгон. Аш-тойлорго жана башка конокторго, керек болгондо ошолордон пайдаланып турган. Андан тышкары, жыл сайын, жаңыдан кыш түшө баштаганда бодо малдардын жакшыраактарын сойдуруп, биртуугандарына, бала-бакыраларына жана кошуна-колоңдоруна бөлүп берип турчу, согумга деп.

**Азаров Зарылкан**, бала-бакырасынын баарын орун-очокторуна жайгаштырып, аталык милдетин аткарып коюп, токсон бир жаш курагында, оорудан жарык дүйнө менен кош айтышып, 2019-жылы жаздын май айында каза болуп, өзүнүн туулуп өскөн Көк-Дөбө айылында жерге берилген.



**Жогоруда аты аталган чоң аталардын, чоң энелердин, ата-апалардын басып өткөн жашоодогу турмуштук жолдору, элге, жоро-жолдошторуна кылган түз, бирин бири сыйлоо, урматтоо мамилелери, бала-бакырасына, небере-чөбөрөлөрүнө өтсө экен деген алардын ой-тилектери ишке ашууда жана аша бермекчи. Ата-бабаларыбыздын жаткан жерлери жайлуу, топурактары торко болсун.**

Ошентип, **Азаров Зарылкандын** басып өткөн турмуштук жолунан көргөн-уккандарыбызды, кагазга түшүрүүгө аракет кылдык. Алыбетте, китепке кирген, өрнөк боло турган иш-аракеттери, окуялары Зарылкан менен Уулбүбүнүн жана алардын туугандарынын жашоо-турмуштарынын чети эле болуш керек. Бул китеп, окурмандарга өткөндөрдү эске сала турган түрткү болуп, буюрса, келечекте дагы толукталып, кайра басылып чыгуусу да мүмкүн.

## КӨК - ДӨБӨ

Гүл, бак баскан айыл ичи эсимде,
Басар элем дем алганда кечинде.
Атыр желиң көңүл эсин сергитип,
Асыл жерим, алтын жерим Көк-Дөбө.

Тоо адырың түркүн күлгө көмүлүп,
Мейкининде ар түр эгин эгилип.
Чар тарабың жан кумарын таркаткан,
Сүйкүм жерим сүйөм сени Көк-Дөбө.

Ким мактабайт ким кубанбайт жерине,
Ким сагынбайт, ким ойлонбойт бериле.
Эч талыкпай бүт өмүрдү аябай,
Иштеп өтсөм деген максат жериме.

Макен Керимбеков